**Ж. БАЛАСАГЫН АТЫНДАГЫ КЫРГЫЗ УЛУТТУК УНИВЕРСИТЕТИ**

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН УЛУТТУК ИЛИМДЕР АКАДЕМИЯСЫНЫН Б. ЖАМГЕРЧИНОВ АТЫНДАГЫ ТАРЫХ, АРХЕОЛОГИЯ ЖАНА ЭТНОЛОГИЯ ИНСТИТУТУ**

Диссертациялык кеңеш Д 07.23.671

# ПРОТОКОЛ № 26

**Бишкек ш.** **15.05.2024ж.**

**Төрага:** Осмонов О. Дж. – т.и.д., профессор
**Окумуштуу катчы:** Карыева А. К. т.и.д., доцент

**Катышкандар:**

1. Осмонов Өскөн Жусупбекович (төрага) – т.и.д. (07.00.02), профессор.
2. Айдаркул Каана (төраганын орун басары) – т.и.д. (07.00.02; 07.00.03), профессор.
3. Карыева Анара Карыевна (окумуштуу катчы) – т.и.д. (07.00.02; 07.00.09), доцент.
4. Абытов Байболот Капарович – т.и.д. (07.00.09; 07.00.09), профессор.
5. Арзыматова Айнура Атыгаевна – т.и.д. (07.00.02; 07.00.03), профессор.
6. Алымбаев Жээнбек Байыскулович – т.и.д. (07.00.09; 07.00.09), профессор.
7. Кылычов Акылбек – т.и.д. (07.00.02), профессор.
8. Болпонова Асыл Бактыбековна – т.и.д. (07.00.02), доцент.
9. Джуманалиев Акылбек – т.и.д. (07.00.02), профессор.
10. Жакыпбеков Жаныбек – т.и.д. (07.00.09), доцент.
11. Ормушев Асан Сулайманович – т.и.д. (07.00.02), профессор.
12. Омурова Жаймыкат Орозобековна – т.и.д. (07.00.02; 07.00.03), доцент.
13. Эсенкулов Нурмамат Жокенович – т.и.д. (07.00.02), доцент.

## КҮН ТАРТИБИНДЕ:

1. Амантур уулу Эдилбектин “XX кылымдыгы ислам мамлекеттүүлүгүнүн тарыхы” 07.00.03-жалпы тарых боюнча тарых илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган

диссертациясын алдын ала коргоо. *Илимий жетекчи:* Төлөбек Абылович Абдрахманов - т.и.д. профессор

**Төрага:** Күн тартибине кандай сунуштар бар? Урматтуу кесиптештер, добуш берүүңүздөрдү суранам:

«МАКУЛ»: бир добуштан кабыл алынды.

**Төрага:** Диссертанттын аттестациялык иши боюнча баяндоо үчүн сөз диссертациялык кеңештин илимий катчысы т.и.д. А.К. Карыевага берилет.

**Окумуштуу катчы**: Саламатсыздарбы, Урматтуу диссертациялык кеңештин мүчөлөрү. Изденчүүчүнүн аттестациялык делосу менен тааныштырды.

**Төрага:** Урматтуу кесиптештер, диссертанттын аттестациялык делосу боюнча суроолоруңуздар барбы? Эгерде суроолор жок болсо, анда сөз изилденүүчүгө берилет.

**Амантур уулу Эдилбек:** Урматтуу диссертациялык кеңештин төрагасы, мүчөлөрү, биздин илимий эмгектин темасынын актуалдуулугу ислам мамлекеттери эл аралык мамилелердин жана кызматташтыктардын толук кандуу катышуучулары болуп саналат. Дүйнөдө болуп жаткан окуялардын алкагында ислам мамлекеттеринин эл аралык мамилелердеги жана саясат чөйрөсүндөгү таасиринин өсүү тенденциялары «ислам мамлекеттүүлүгү» концепциясына болгон кызыгууну арттырууда. Акыркы бир нече он жылдыктарда дүйнөлүк мамилелердин бардык деңгээлдеринде байкалган ислам мамлекеттеринин өлкөлөр аралык, аймактык, эл аралык, цивилизациялык мааниде кадыр-баркынын өсүшү байкалды.

Акыркы жылдардагы глобалдык өзгөрүүлөр исламдагы мамлекетүүлүк феноменинин актуалдуулугун ого бетер арттырууда. Ошону менен катар, илимий изилдөөлөрдө ислам мамлекеттеринин типологиялык тиешелүүлүгү проблемасына жетиштүү көңүл бурулбаганы, алардын өлкө жана региондор боюнча универсалдуу классификациясы иштелип чыга электиги дагы бул теманын актуалдуулугун күчөтүүдө.

Чет элдик, Ата-Мекендик илимий чөйрөдө ислам жана ислам мамлекеттериндеги мамлекеттүүлүк процесстерине болгон кызыгуунун өсүшү менен күндө ислам коомунун, исламдык укуктук жана мамлекеттүүлүктүн көйгөйлөрүн ар тараптуу изилдөөнүн жанданганын байкоого болот.

Ислам мамлекеттүүлүк феномени тарых илиминде аз көңүл бурулган регионалдык жана субрегионалдык өзгөчөлүктөрдүн алкагында өнүккөндүктөн ислам мамлекеттүүлүгүнүн тарыхый эволюциясын комплекстүү талдоо бул боштукту толтурат.

Ислам мамлекеттери менен Кыргызстандын аймактык жакындыгы, алардагы болуп жаткан саясий процесстердин таасир этүүсү мамлекетүүлүк моделин жаңы түптөп бара жаткан өлкө үчүн ал мамлекеттердеги коомду, бийликти, ар кандай тармактарды уюштуруу формаларын камтыган системаны жакшы түшүнүп билүүсү керек.

**Диссертациялык иштин башка илимий программалар жана долбоорлор менен байланышы.** Диссертация изденүүчүнүн демилгеси жана илимий жетекчинин жетекчилиги астында бүткөрүлгөн.

**Изилдөөнүн максаты**. XX кылымдагы ислам өлкөлөрүнүн мамлекеттүүлүтүнүн калыптануусунун, өнүгүү тарыхын жана өзгөчөлүктөрүн изилдөө.

Изилдөөнүн максатына жетүү үчүн алдыбызга төмөнкүдөй **милдеттерди** койдук:

1. Изилденип жаткан маселенин изилденүү деңгээлин аныктап илимий эмгектерге баа берүү;
2. Изилденүүчү маселени ачып берүүдө колдонулган методдорго мүнөздөмө берүү;
3. Изилденүүчү маселенин булактык базасына баа берүү, алардын маалыматтык мүмкүнчүлүктөрүнө, каралып жаткан маселени чечүүдөгү ордун аныктоо;
4. Ислам мамлекеттүүлүгүнүн негизги формаларынын негизинде аларды классификациялоо жана мамлекетти куруунун исламдык формасынын маанисине талдоо жасоо;
5. Мамлекеттик түзүлүштүн шииттик жана сунниттик версияларынын негизин жана өзгөчөлүктөрүн ачып көрсөтүү;
6. Иран Ислам Республикасынын мамлекеттүүлүгүн жана ал өлкөдө өкүм сүргөн Имам Хомейнинин “Ислам мамлекети” концепциясына талдоо жүргүзүү;
7. Сауд Арабия Королдугунун башка классикалык мамлекеттердин мамлекеттик түзүлүшүнөн айырмачылыгын көргөзүү;
8. Түштүк – Чыгыш Азия өлкөлөрүнүн мамлекеттик түзүлүшүнө исламдын тийгизген таасири жана мамлекетүүлүгүнүн калыптануусун талдоо.

**Диссертациялык изилдөөнүн илимий жаңылыгы:**

Кыргызстандын тарых илиминде арбын тарыхнааманы анализдөө менен алгачкылардан болуп ислам мамлекеттүүлүгүнүн калыптануу жана өнүгүү тарыхынын маселелери диссертациялык иликтөө катары изилдөөгө алынды;

Диссертациялык изилдөөдө ислам мамлекеттүүлүгүнүн өзгөчө формасынын калыптануусу, башкаруу философиясы кеңири тарыхый булактарды жана аналитикалык маалыматтардын негизинде изилденип

артыкчылыктарына, кемчиликтерине талдоого алынып, жыйынтыктар чыгарылды;

Ислам Республикасынын мамлекеттүүлүгү, аны негиздөөчүсү имам Хомейнинин “Ислам мамлекети” концепциясынын философиясы жана башкаруусу жана Сауд Арабия Королдугундагы ислам мамлекеттүүлүгүнүн негизи, өзгөчөлүктөрү тарыхый салыштырмалуу талдоонун негизинде изилденди;

Түштүк – Чыгыш Азия ислам өлкөлөрүндөгү мамлекеттүүлүгү, ал мамлекеттердин салыштырмалуу тез өнүгүүсүнүн сырларын ачып көрсөтүүгө аракет жасалды.

**Диссертацияда алынган жыйынтыктардын практикалык мааниси:**

Илимий изилдөөнүн негизги жыйынтыктары дүйнөлүк экономикада алдынкы орунда турушкан, мамлекетти башкаруу, өнүктүрүү, эл аралык ийгиликтүү мамилелерди жүргүзүү жаатында бай тажрыйбасы, дүйнөлүк саясатта өздөрүнүн орду бар ислам мамлеттеринин тарыхын үйрөнүп мамлекетти калыптандырып, экономиканы өнүгүү жолуна коюп жаткан биздин өлкө үчүн практикалык мааниси жогору. Бул өлкөлөр менен соода-экономикалык жана саясий мамилелерди жана байланыштарды түзүү мамлекетке инвестицияларды тартууга, биргелешкен долбоорлорду ишке ашырууга шарт түзөт.

**Коргоого алынып чыгуучу негизги жоболор:**

Изилдөөнүн жыйынтыгы боюнча жактоого төмөндөгүдөй жоболор сунушталат:

1. Изилденип жаткан өлкөлөр менен бизидин өлкөнүн дини бир, каада-салтыбызда окшоштуктар бар. Ал өлкөлөр менен соода-экономикалык жана саясий мамилелерди жана байланыштарды түзүү, мамлекетке инвестицияларды тартуу, тажрыйба алмашуу жаатында алардын мамлекеттүүлүгүнүн өзгөчөлүгүн эске алып жүргүзүү, окуп үйрөнүү теманын актуалдуулугун дагы бир ирээт далилдейт;

2. Өнүгүүнүн кыймылдаткыч күчү атаандаштык. Биз карап жаткан өлкөлөрдүн мамлекетүүлүгүнүн исламдык өзгөчөлүгү бүгүнкү күндө өзүнүн жашоого, өнүгүү жөндөмдүүлүгүн көрсөтө алды;

3. Тарыхый өнүгүүлөрүнүн жалпылыгына, тили жана карманган дининин биримдигине карабай, XX кылымда калыптанган ислам дүйнөсүндөгү мамлекеттүүлүктүн формалары бири-бирине окшошпогондугун, мамлекеттин шиит жана сунниттик түрлөрү түзүлгөнүн бөлүп көрсөтүүгө болот;

4. XX кылымдын экинчи жарымында Иран Ислам Республикасын исламга негизделген өзүнүн башкаруу системасын түзө алды жана аны ислам коомун модернизациялоонун үлгүсү катары сыпаттаса болот. Иран Ислам

Республикасынын негиздөөчүсү имам Хомейнинин “Ислам мамлекети” концепциясынын философиясы, өлкөнү башкаруунун өзгөчө формасы мезгил
с

ы 5. Сауд Арабия Королдугунун башкаруусунун сунниттик версиясы жана жаратылыш байлыгы араб өлкөлөрүнүн арасында ийгилигин камсыз кылды;

о 6. Түштүк – Чыгыш Азия ислам өлкөлөрүнүн исламдык башкаруу формасы өлкөнүн экономикасын модернизациялап, «экономикалык жолборсторго» айланусуна шарт түздү.

н **Изденүүчүнүн жеке салымы:** Ата Мекендик тарыхнаамада Иран, Сауд Араб жана Түштүк – Чыгыш Азия өлкөлөрүндөгү ислам мамлекеттүүлүгү, экономиканы, маданиятты, илим-билимди өнүктүрүү системасы, өзгөчөлүктөрү иликтенип тиешелүү жыйынтыктар чыгарылды. Изилденген өлкөлөрдүн өнүгүү жолдору, ийгиликтери изилденип, өлкөнүн социалдык-экономикалык өнүгүүсүнө пайдалануу үчүн практикалык сунуштар берилди. Бул өлкөлөрдүн мамлекеттүүлүгүнүнүн өзгөчөлүктөрү, артыкчылыктары, кемчиликтери жөнүндөгү маалыматтар топтолду.

**Изилдөөнүн жыйынтыктарынын апробацияланышы:** Диссертациянын айрым бир натыйжалары жана жыйынтыктары автор тарабынан эл аралык, регионалдык, жогорку окуу жайлар аралык конферецияларда жана симпозиумдарда окулуп, талкууланган. Диссертация И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин Тарых жана социалдык-укуктук билим берүү факультетинин “Жалпы тарых жана социалдык-экономикалык жана укуктук дисциплиналар” кафедрасында талкууланып, коргоого сунушталган.

**Диссертациянын натыйжаларынын жарыяланышы.** Диссертациянын негизги жыйынтыктары диссертанттын мезгилдүү илимий басылмалардагы 9 макаласында чагылдырылды.

**Диссертациялык иштин түзүмү жана көлөмү** коюлган максат, милдет жана изилденүүчү маселелерди чечүүнүн ыраттуулугу менен шартталган. Диссертация киришүүдөн, 3 баптан (анын ичинде 8 параграфтан), практикалык сунуштардан жана камтылган корутундудан, колдонулган адабият тизмесинен турат.

Көңүл бурганыңыздар үчүн рахмат!

**Төрага:** Урматтуу кесиптештер, изденүүчүгө суроолоруңуздар барбы?

**Алымбаев Ж.Б.:** Эмне үчүн ушул теманы алдың жана XX кылымдын ислам мамлекеттеринин тарыхын изилдеп жазып атып орто кылымдагы араб, түрк окумуштууларын тарыхнамага кошуп жибергенди негиздеп берчи?

**Амантур уулу Э.:** Урматтуу Жээнбек Байыскулович, башында сөз кылгандай ислам мамлекеттеринин тарыхый жолу XX кылымда өтө кызыктуу,

ар тараптуу, бай болду. Азыркы күндө биз изилдөөгө алган мамлекеттер өнүккөн мамлекеттер жана регионалдык, дүйнөлүк саясатка жана мамилелерге таасир тийгизген мамлекеттерге айлангандыктан жана биздин мамлекетке да таасири артып аткандыктан менин кызыгуумду пайда кылып изилдөөгө алдым. Ал эми XX кылымдын ислам мамлекеттеринин тарыхын изилдеп жазып атып орто кылымдагы араб, түрк окумуштууларын тарыхнамага кошконумдун бирден бир себеби ислам мамлекеттеринин бийликти уюштуруудагы эрежелерин талдоого алганда салыштырмалуулук методун колдонгондо алгачкы ислам мамлекеттери жана андан кийинки орто кылымдагы ислам өлкөлөрү кандай эрежелерди карманганынын салыштыруу убагында ошол учурдагы окумуштуулардын эмгектерин, тарыхый булактарды колдонууга мажбур болдук. Диссертацияда историзм, объективдүүлүк, тарыхый булактарга таянуу жана изилдөөнүн комплекстүүлүгү принциптерине таянгандыктан булардан кыйгап өтүүгө мүмкүн эмес деп эсептейм.

**Алымбаев Ж.Б.:** Дагы бир суроо. Кыргыз окумуштуулардан да бир тобун кошкон экенсиң. Аларды кандай негизде коштуң?

**Амантур уулу Э.:** Биздин окумуштуулар түздөн-түз ислам мамлекеттерин изилдебесе дагы кыйыр изилдөөлөрдү жүргүзүшүптүр. Чынында биздин темага түз байланышкан бирин-экин эле эмгек бар экен. Мисалга алсак, тарых илимдеринин доктору, профессор Ормушов Асан Сулайманович Иран Ислам Республикасы боюнча кеңири изилдөөгө алса, жетекчибиз, тарых илимдеринин доктору, профессор Абдрахманов Төлөбек Абылович ислам мамлекеттеринин башкару формасы, саясий режими боюнча иликтеген.

**Арзыматова А. А.:** Авторефераттын орусча вариантында Түштүк – Чыгыш Азия ислам өлкөлөрүндөгү мамлекеттүүлүгү, ал мамлекеттердин салыштырмалуу тез өнүгүүсүнүн сырларын ачып көрсөтүүгө аракет жасалды деген сүйлөм туура эмес которулуп башкача маани берип калгандай. Ошол үчүн толук кайра карап туура которулушуна көңүл бурулуш керек деп эсептейм.

**Амантур уулу Э.:** Айнура Атыгаевна, албетте, бул эскертүүңүздү эске алабыз жана тиешелүү оңдоолорду кылабыз.

**Айдаркул Каана:** Кайсы тилдеги булактар менен иштедиңиз?

**Амантур уулу Э.:** Негизинен орус тилиндеги.

**Жакыпбеков Ж:** Диссертацияда 145-бетте практикалык сунуштарды берип, анда окуу жайларда атайын курстарды уюштуруу боюнча сунуш киргизилген. Ушул боюнча түшүндүрмө берсеңиз?

**Амантур уулу Э.:** Ооба, ошондой сунуш бар жана бул сунушту ишке ашыруу реалдуу жана мамлекет эч кандай чыгымга учурабайт деген ойдобуз. Ислам мамлекеттери жана андагы эрежелер боюнча йрыкча жогорку окуу жайларды кыска курстар, лекциялар уюштурулса коомдогу кээ бир

түшүнбөстүктөрдү алдын алууга болот деген ойдобуз. Мисалы, экстремизм, терроризмдин очогу ислам мамлекеттери гана деген калыптанып калган түшүнүктөрдү талкуулоого мүмкүнчүлүк болот эле.

**Ормушев А.С.:** Диссертацияда шииттер жөнүндө кеңири маалымат бар. Кыргызстанда алар барбы?

**Амантур уулу Э.:** Ооба. Негизинен Бишкекте жайгашкан бир нече коомдук фонддор билим берүү тармагында иш алып барышат. Бирин-экин мечиттери бар.

**Кылычов А.:** Биринчиден диссертантка сунуш айткым келип жатат. Сауд Арабия Королдугу дегенди Падышачылык деп колдонуу сунуштайм. Экинчиден Иранда азыр бийлик башында ким тураарын белгилеп кетсеңиз?

**Амантур уулу Э.:** Сунушуңузга толук макулмун. Ал эми Ирандагы бийликтин аныктоочу катары башчысы руханий лидер экенин белгилеп кетмекчимин.

**Төрага:** Эгерде диссертантка башка суроолор жок болсо, сөз диссертациялык кеңештин эксперттик комиссиясына берилет. Корутунду менен таанышуу үчүн сөз профессор Ормушев Асан Сулаймановичке берилет.

**Ормушев А. С.:** Амантур уулу Эдилбек тарабынан берилген 07.00.03 – жалпы тарых адистиги боюнча боюнча “XX кылымдыгы ислам мамлекеттүүлүгүнүн тарыхы” деген темадагы диссертациясы менен таанышып чыктым. Анын илимий ишиндеги негизинен шииттик жана сунниттик, модернизацияланган ислам өлкөлөрү боюнча изилдөөсү талапка ылайык. Макалалары да чыккан. Ошону менен катар төмөнкүдөй кемчиликтер да бар.

1. Изденүүчү тарабынан коюлган маселенин тарыхнаамеси толук иликтенген эмес. Кыргыз тарыхчыларынын ислам мамлекеттеринин тарыхына арналган илимий эмгектери эске алынбаган.
2. Диссертанттын иликтөөсүндө берилген илимий жаңылыктарында бир ойду, пикирди берүүдө экинчи бир бөлүгүндө кайталоолор кездешет. Андыктан илимий жаңылыкты тактап, илимий редакциялоодон өткөрүү зарыл.
3. Илимий эмгектеги баптардын аягында кеңири илимий жыйынтык чыгарылбай калган. Диссертант кыска жыйынтыктар менен гана чектелип калган.
4. Диссертацияда илимий булака арналган, ага илимий талдоо жүргүзгөн бөлүмберилбей унутта калган.
5. Илимий иштин аягындагы илимий корутунду диссертацияда коюлган максаттар менен дал келбей, баш аламан берилген.
6. Илимий эмгекте грамматикалык, стилистик, орфографиялык каталар кездешет. Чет элдик сөздөр көп колдонулган. Эң мыкты редакциялык ишти жүргүзүү талапка ылайыктуу.

Диссертациянын кол жазмасынын баалуулугун аталган мүчүлүштүктөр төмөндөтпөйт. Иш илимий талаптарга ылайык жазылган өз алдынча изилдөө болуп саналат Амантур уулу Эдилбектин тарабынан берилген 07.00.03 – жалпы тарых тарыхы боюнча "XX кылымдыгы ислам мамлекеттүүлүгүнүн тарыхы" деген темадагы тарых илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу даярдалган диссертациясынын кол жазмасын Д.07.23.671 Диссертациялык кеңештин кароосуна ачык коргоо үчүн кабыл алууга сунуш берилет.

**Төрага:** Корутунду менен таанышуу үчүн сөз тарых илимдеринин доктору Жакыпбеков Жаныбек Жакыпбековичке берилет.

**Жакыпбеков Ж:** Амантур уулу Эдилбек тарабынан берилген 07.00.03 – жалпы тарых адистиги боюнча боюнча "XX кылымдыгы ислам мамлекеттүүлүгүнүн тарыхы" деген темадагы тарыхы илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн даярдалган кандидаттык диссертациясы Ж.Баласагын атындагы Кыргыз Улуттук университенин жана Кыргыз Республикасынын улуттук илимдер академиясынын Б.Джамгерчинов атындагы тарых, этнология жана археология институтунун алдындагы тарых илимдеринин доктору (кандидаты) окумуштуулук даражасын изденип алуу боюнча уюштурулган Д.07.23.671 Диссертациялык Кеңешинин профилине туура келет.

Изденүүчү диссертацияда XX кылымдыгы ислам мамлекеттүүлүгүнүн тарыхы илимий адабияттардын жана түрдүү булактык материалдардын негизинде ынанымдуу жана далилдүү материалдар менен бышыктаган. Ислам мамлекеттери, алардын ичинен суннит жана шиит багытындагы мамлекеттер боюнча маалыматтары чогултулуп, жыйналган материалдарга илимий талдоо берилген. Ар бир баптын жыйынтыгында корутунду берүүгө аракет жасалган.

Амантур уулу Э. жалпысынан 9 эмгек жарыялаган. Анын төртөөсү чет элдик басылмалардан жарык көргөн. Иш Кыргыз Республикасынын Улуттук аттестациялык комиссиясынын койгон талаптарына жооп берет.

Тарыхый материалдарды хронологиялык-системага салып, диссертацияда коюлган милдет жана максаттарын ачып берүүгө аракеттенген. Демек, диссертациянын илимий жана практикалык маанисин ачууда, изилдөөгө алынып чыгылган актуалдуу маселелерди чечүүдө иштин илимий жыйынтыктарынын ички биримдиги жана багыттуулугу толук жетишилген деп саноого болот.

Амантур уулу Эдилбек диссертациялык ишинде жогоруда көрсөтүлгөн жетишкендиктер менен катар эле, айрым бир мүчүлүштүктөргө да жол берген.

1. Ислам мамлекеттеринин ичинен эки гана мамлекетке басым жазалгандыктан жалпы анализ берүү солгун.

2. Салттуу мамлекеттер менен ислам мамлекеттерин салыштырмалуу анализдин негизинде жыйынтык берүү керек.

3. Диссертацияда диаграмма, таблицалар аркылуу изилдөөгө дагы кошумча салыштырмалуу маалыматтарды берүү керек.

4. Ислам мамлекеттериндеги саясий процесстердин ислам дини менен байланыш маселелери Кыргызстандагы коомдук байланыштарын тактоо абзел.

Бирок, диссертациянын кол жазмасынын баалуулугун аталган мүчүлүштүктөр төмөндөтпөйт. Иш илимий талаптарга ылайык жазылган өз алдынча изилдөө болуп саналат. Амантур уулу Эдилбек тарабынан берилген 07.00.03 – жалпы тарых тарыхы боюнча “XX кылымдыгы ислам мамлекеттүүлүгүнүн тарыхы” деген темадагы тарых илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу даярдалган диссертациясынын кол жазмасын Д.07.23.671 Диссертациялык кеңештин кароосуна ачык коргоо үчүн кабыл алууга сунуш берилет.

**Төрага:** Корутунду менен таанышуу үчүн сөз кийинки эксперт, тарых илимдеринин доктору Омурова Жаймыкат Орозобековнага берилет.

**Омурова Ж. О.:** Амантур уулу Эдилбектин “XX кылымдыгы ислам мамлекеттүүлүгүнүн тарыхы” деген темадагы диссертациясы илимий талаптарга туура келет.

Негизги кемчиликтерине токтолсом биринчиден тарыхнамага кээ бир тиешеси жок кыргыз окумуштуулары кирип калган. Тиешелүү гана эмгектерди киргизүү кере

к деген ойдомун. Экинчиден, Иран боюнча кээ бир авторлордун эмгектерин так берген эмес. Үчүнчүдөн, акыркы бөлүмүн дагы терең анализдөө керек эле.

Жыйынтыктап айтканда “XX кылымдыгы ислам мамлекеттүүлүгүнүн тарыхы” деген темадагы Амантур уулу Эдилбектин диссертациясынын кол жазмасын Д.07.23.671 Диссертациялык кеңештин кароосуна ачык коргоо үчүн кабыл алууга сунуштайм.

**Төрага:** Омурова Жаймыкат Орозобековнага суроолор жок болсо, анда эксперттик комиссиянын корутундусун бекитүүгө жана протоколду бекитүүгө өтөбүз.

Урматтуу кесиптештер, эксперттик комиссиянын корутундусун жана диссертациялык кеңештин Д.07.23.671 токтомун бекитүү үчүн добуш берүүңүздөрдү суранам.

**«МАКУЛ»: бир добуштан кабыл алынды.**

Ж. Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университети жана Кыргыз Республикасынын улуттук илимдер академиясынын Б.Джамгерчинов атындагы тарых, этнология жана археология институтунун алдындагы тарых илимдеринин

доктору (кандидаты) окумуштуулук даражасын изденип алуу боюнча уюштурулган Д. 07.23.671 диссертациялык кеңеши

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1. Амантур уулу Эдилбектин “XX кылымдыгы ислам мамлекеттүүлүгүнүн тарыхы” деген темадагы дисстертациясынын эксперттик корутундусу бекитилсин.

2. Амантур уулу Эдилбектин 07.00.03 – жалпы тарых адистиги боюнча жазылган “XX кылымдыгы ислам мамлекеттүүлүгүнүн тарыхы” деген диссертациясы коргоого кабыл алынсын.

3. БЕКИТИЛСИН:

*Жетектөөчү мекеме:* Ч.Валиханов атындагы Тарых жана этнология институту.

*Расмий оппоненттер:* 1) Дадабаева Гульнара Рахимовна – тарых илимдеринин доктору, ассоциативдик профессор; 2) Жаркымбаева Роза Сейталиева – тарых илимдеринин доктору, профессор.

Диссертациялык кеңештин
төрагасы Осмонов Ө. Ж.

Диссертациялык кеңештин
окумуштуу катчысы Карыева А. К.